**БАТКЕН ОБЛУСУНУН КАДАМЖАЙ РАЙОНДУК ПРОКУРАТУРАСЫ**

**ПРОКУРАТУРА КАДАМЖАЙСКОГО РАЙОНА БАТКЕНСКОЙ ОБЛАСТИ**

720200, Кадамжай району, Кадамжай ш.
Орозбеков көч.90, тел.(03655) 5-08-76,
факс: +996(03655) 5-02-17,
e-mail:prok_kadamjay@mail.ru

720200, Кадамжайский район, г. Кадамжай,
ул.Орозбекова 90 тел.(03655) 5-08-76,
факс: +996(03655) 5-02-17,
e-mail: prok_kadamjay@mail.ru

22.04.24 №11/125-24

Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча Кыргыз Республикасынын
борбордук шайлооо комиссиясынын
төрайымы
**М.К.Шайдалбековага**

**М А А Л Ы М А Т**

*Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына Кадамжай №2 бир мандаттуу шайлоо округуна талапкер З.Кожонов боюнча*

2024-жылдын 15-апрелинде Баткен шаарынын тургуну А.Мухтар уулу Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана Референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына арыз менен кайрылып, анда «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына Баткен бир мандаттуу №2 шайлоо округу боюнча депутаттын мөөнөтүнөн мурда шайлоону өткөрүүгө байланыштуу, №3талапкер Кожонов Замирбек Ырысбаевич,элди добуш берүүгө үндөгөн учурунда дасторкон жазып, элге тамак-аш берип, үгүт иштерин жүргүзгөнүн билдирген.

Ошондой эле, элдин алдында тамак берген күнү «Мага добуш берип, шайлап койгула №3 Кожонов»- деп чакырык иштерин жүргүздү. Кандидаттын тамак берип үгүт иштерин жүргүзгөнү одоно мыйзам бузууга жатат, агитацияга берилген мөөнөт учурунда «Добушту сатып алуу» болуп эсептелет, комиссиянын тобуна жогорудагы айтылган үгүт иштери тартылган Флешканы кошуп берем»-деп билдирген.

Аталган маалыматка юридикалык баа берүү үчүн2024-жылдын 16-апрелинде Кадамжай райондук ИИБнүн МЭЖне 02-048-2024-001004 саны менен катталган.

Алгачкы тергөө аракеттеринин жүрүшүндө, “Facebook” социалдык баракчасына №3 катардагы талапкер З.Кожонов элдер менен жолугуп, үгүт иштерин жүргүзүү учурунда чогулган жерде, эл тамак аш жеп жаткандыгы жарыяланган. Аталган видео тасмага алуу жүргүзүлүп, видео дискке көчүрүлгөн.

Добуштарды сатып алуу фактысын аныктоо максатында видео тасмада тартылган жарандарды аныктап, сурак жүргүзүү учурунда төмөнкүлөр аныкталган.

2024-жылдын 13-апрелинде Кадамжай районунун Исхак-Полотхан айыл аймагына караштуу «Чекелик», «Шады» жана «Жаңы-Жер» айылдарында жергиликтүү тургундар тарабынан айылда жайгашкан мечиттердин, атайын эл отуруп тамактануу үчүн даярдалган короосунда «түлөө» өткөрүүнү уюштурушуп, өз каражаттарынан тамак аштар даярдалып, элге берилген.

Тактап айтканда, Чекелик айылында мечитте 100 киши катышып, ар бир кожолук 400 сомдон акча жыйнап түлөө өткөрүлгөн, Жаны-Жер айылындагы мечитте 200 киши катышып, 400 сомдон акча чогултушкан, Шады айылындагы

мечитте 150 киши чогулуп, 400 сом акча жыйнап түлөө өткөрүшкөндүгү аныкталган.

Жогоруда жергиликтүү жарандар тарабынан өткөрүлүп жаткан түлөөгө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкер З.Кожонов келип үгүт иштерин жүргүзүп кеткендиги аныкталган.

Ошол эле учурда, талапкер З.Кожонов тарабынан элдерди чогултуп, үгүт учурунда тамак-аш берген фактылар аныкталбагандыктан 17.04.2024-жылы Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-бер. 1-б. 2-п. негизинде кылмыш иш козгоодон баш тартылган.

Андан сырткары талапкер З.Кожоновдун аракетине Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 65-беренесинин негизинде чара көрүү үчүн 18.04.2024-жылы чыгыш 34-6/1627 саны менен шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Кыргыз Республикасынын Баткен округдук шайлоо комиссиясына материал жиберилген.

Ошондой эле, кабыл алынган чечим боюнча жыйынтыгы менен Кадамжай райондук ИИБнүн Тергөө кызматы тарабынан 18.04.2024-жылы 34-6/1629 чыгыш саны менен Баткен шайлоо округунун комиссиясына (ОШК) жана ыкчам чара көрүү тобуна жиберилген.

Мындан сырткары, райондук прокуратура татабынан 02-048-2024-001004 сандуу материалдар көзөмөл иретинде окулуп чыгып, мыйзамдуу жана негиздүү чечим кабыл алынгандыктан, тактама түзүлгөн.

Кадамжай районунун прокурору **А.Имангазиев**